
Акматбек
БОРОБАЕВ

# ЖОРГО САПТАР



Акматбек Боробаев

# ЖОРГО САПТАР



АКСЫ РАЙОНДУК
БОРБОРДУК КИТЕПКАНА
Инв. № 41896

Бишкек–2013

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Б 83

Боробаев Акматбек
Б 83 *Жорго саптар*: Ырлар. – Б.: «Газета.KG», 2013. – 108 б.

ISBN 978-9967-457-67-6

Акындын бул китебине убакыт, мезгил, табият, жаратылыш жана замандын учурдагы көйгөйлөрү чагылдырылган жалаң төрт саптардан турган ырлары киргизилди. Китеп жалпы окурмандарга арналат.

Б 4702300200-13

ISBN 978-9967-457-67-6

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Боробаев А., 2013



* * *

Алгачкы кол тамганы,
Жөрмөлөп жерге чийгем.
Айылым берип сыйлык,
Топурак сарпай кийгем.

* * *

Кас-кас туруп калтаңдаса наристе,
Эне элжирейт эт жүрөгү болк этип.
Таштаганда алгачкы оор кадамын,
Кетеби дейм, жердин бети солк этип.

* * *

О, башында өмүр сырдуу кутуда,
Төрөлөт да, турат анан бутуна.
Чымырканып чылбыр сымал өрүлүп,
Чиркин өмүр, кийин кылдын учунда

* * *

Жазда кайра кайнап чыкчу,
Эски, жаңы булактар.
Ойнок элек, окшош элек,
Балдар, козу, улактар.

* * *

Очоктогу чокту чачсам шоктонуп,
Апам айтчу: Ойнобогун от менен.
Ийиниме илсем кээде мылтыкты,
Атам айтчу: Калтырбагын ок менен.

* * *

Топурак үйүп томпойтуп,
Боз үй, же күмбөз окшотуп,
Бул дүйнө менен иши жок,
Ойнодук балдар, ойнодук.





* * *

Айлымда бар көк тиреген алп дарак,
Эзелтеден анын аты - Чоң жаңак.
Айылымдын чоң энеси кейптенип,
Жол боюнда турат дайым жол карап.

* * *

Түн уйкуда жайлоолор түшкө кирет,
Кайталанды ал тургай нечен ирет.
Жүрөмүн балдар менен ойноп - күлүп,
Колумда ак батперек чимирилет.

* * *

Алпечтенип бешике бөлөнгөнмүн,
Жер Эненин төшүндө жөрмөлөдүм.
Туурумдан учтум дагы бутка туруп,
Тегереттим турмуштун дөңгөлөгүн.

* * *

Кезегимде балапандай талпынган,
Айлым мага дүйнө, ааламдай көрүнчү.
Ак чокудан Ай менен Күн төрөлүп,
Тоолор кечте кара нардай чөгүүчү.

* * *

Өмүр шерик өзөнүм бар айылда,
Өктөм, сүрдүү агат жазда, жайында,
Күздө, кышта тынбай күйөө баладай,
Төрт мезгилге кызмат кылат дайыма.

* * *

Окшош белең балалык кулун, тайга.
Окшош белең балалык Күнгө, Айга.
Ой, кырлардан издеймин карааныңды,
Кыткылыктап жүрөсүң деги кайда?





* * *

Тоо койнунан өзөндөр агып кетти,
Тоо энесин шоктонуп чанып кетти.
Чөлгө жетип чөгөөрдө кум көлүнө,
Тоону карап көз жашы тамып кетти.

* * *

Алгач ирет айлым өзүң уккансың,
Бармактайдан жүрөктүн кагылганын.
Баардык затың мен үчүн эң бир кымбат,
Ал тургай асмандагы чагылганың.

* * *

Ок атылып мылтыктан, автоматтан,
Тоо текелер кулашат аскалардан.
Миллионер болсом дейт миллиардер,
Миңдеген балдар жүрөт ачка калган.

* * *

Адыр, кырлар, ашуу белдер, чокулар,
Кылым санап турасыңар кебелбей.
Бабалардын арбышы чоң жолунда,
Урпактарың бара жатат кедеңдей.

* * *

О, илгери биздин заман башка эле,
Тоюп, тойбой жүрөөр элек ачка эле.
Космос, Атом кылымынан өтсөк да,
Балдар тартат базарларда тачка не?

* * *

Бала кезде ойлорум тетир беле?
Эми кеч, өзүмдү - өзүм жекиргенге.
Уяңарды канча ирет буздум эле,
Кечиргиле чымчыктар, кечиргиле.





* * *

Кара булут карды айрылып сөгүлдү,
Кара жерге нөшөр жамгыр төгүлдү.
Бүт айлана бой сергитип тазарып,
Жүзүн чайган наристедей көрүндү.

* * *

Элеттемин дос, тууган, элим менен,
Сый көрүп уул, кызыман, келиндерден.
Балапан чак тартылып көз алдыма,
Мен өзүмдү көргөнсүйм неберемден.

* * *

Ойноп кечке, кыр-кырды ашып кетчүбүз,
Жан боорлордон жылгаякты тепчүбүз.
Кыш чилденин муз мурутун чойгулап,
Бурганагын чанабызга чекчибүз.

* * *

Сереңдеген секелек кыз кечээги,
Айдан ачык анын бойго жетери.
Энелердин жолун улоо ага парз,
Эркелетер экен эртең нечени?

* * *

Ата, эне баарын жасап балдарына,
Өмүр тилеп Жаратkандан суранат.
Ийне бою иш бүтүрсө сүйүнүп,
Жолго түшкөн изине да кубанат.

* * *

Жаштыгым жашыл элең, асыл элең,
Тоолордун толукшуган жайлоосундай.
Убакыт жаштыгымдын касы белең,
Шаштырган шапалакчан айдоочудай.





* * *

Жаштык, жаштык өмүрдөгү керемет,
Жаштыгыңа жаштык гана теңелет.
Ай шооласы, Күндүн нуру, гүл жыты,
Келбетиңе өткүн өтөт себелеп.

* * *

Адам аттуу, адамдык заты жоктор,
Бөрк ал десе, баш алган башы жоктор,
Көбөйүп бара жатат Кудай сакта,
Эл, жер менен иши жок ары жоктор.

* * *

Ачкалыктан арыктарсың, өлбөйсүң,
Илим албай алыс жакты көрбөйсүң.
Мактоо таттуу, чындык ачуу экенин,
Биле албасаң барып турган көңдөйсүң.

* * *

Жакшымынбы, жаманмынбы, ошомун,
Жашоодо бар туурум, казан очогум.
Азбы, көппү буйруганын көрөрмүн,
Бул турмуштун жыргалын же тозогун.

* * *

Ала көөдөн адамдан акыл чыкпайт,
Алакчыдан эч качан жакын чыкпайт.
Келип, кетип жашаган бөтөндөрдөн,
Мекенинди коргогон баатыр чыкпайт.

* * *

Көкөлөтүп көңүлүңдү эргиткен,
Жакшы ойлор жан дүйнөңдүн желеги.
Көмкөрүлтүп көңүлүңдү кирдеткен,
Жаман ойлор жөргөмүштүн желеси.





* * *

Оомат келсе эр жигит жорго минет,
Эки тизгин бир чылбыр колго тийет.
Эби жогу темселеп күн өткөрсө,
Обу жогу ойлонбой жолго сийет.

* * *

Кожоюнга кошоматтап үргөнүң,
Бир өмүрдө ошончолук өлгөнүң.
Көр дүйнөгө тирүүндө көмүлсөң,
Көр чычкандай, анда өмүр сүргөнүң.

* * *

Бул турмушта жашоо балким күнөөдүр,
Жашап келсең жакшы бир иш бүтүрбөй,
Андан дагы, өткөн жаман изи жок,
Көк асманга сиңип кеткен түтүндөй.

* * *

Энемдин жылуу мээрин сагынгандай,
Тоолорум мен силерди сагынамын.
Бут эрким ак сүйүүгө багынгандай,
Тоолорум мен силерге багынамын.

* * *

Жарты тамчы жашың тамса көзүңдөн,
Тоодой күчтү алып кетер өзүңдөн.
Тоскоол жарып кең өрөөнгө агылган,
Өжөрлүктү үйрөнүп ал өзөндөн.

* * *

Эрдиги чын ашууларды ашкандын,
Чамасы чак чыйыр тандап баскандын.
Колго кармар бир бүтүн иш бүтүрбөй,
Акысы жок агарууга чачтардын.





* * *

Кыргыз Чыңгыз, Чыңгызханга окшобой,
Эң акыркы деңиз бойлоп токтобой.
Океандан сүзүп өттү ар жакка,
Кылыч такпай, кырк чоросу коштобой.

* * *

О, ошондо томсорду го тоолорум,
Жоготкондо жолборс акын Жолонун.
Өлбөдү ал, кайып болду дээр элем,
Издеп кетип бабалардын жомогун.

* * *

Алыкулдун жазылбаган ырларын,
Ысык - Көлдүн толкунунан туярмын.
От боюнда олтурганда сеземин,
Жалын сымал ырын акын Турардын.

* * *

Роза гүлү суктандырат, кулпурат,
Айланага аңкыйт жыты буркурап.
Адам, аары, чымын,чиркей,көпөлөк..
Жытын искеп түш тараптан умтулат.

* * *

Түйшүгүмдү сезсең да, кебелбейсиң,
Түшкө кирип бир күнү келем дейсиң.
Жылдызым, жылдыздарга жакын турган,
Сен менин бийиктеги эделвейсим.

* * *

Кеттик досум көк тиреген тоолорго,
Ал жер өзү эркиндиктин мекени.
Сен жана мен чексиз мейкин көк асман,
Чийеленген ой түйүнүн чечели.





* * *

Жал куйругу желге ойноп желбиреп,
Кызгалдактуу кырда күлүк элирет.
Ашуу белден ашып кетти ар жакка,
Үйүрүн тапты, же тушалды ким билет?

* * *

Ойлор, ойлор күлүксүңөр чалыкпас,
Кышта тоңбос, саратанда чаңкабас.
Келгилечи тоолор койнун чабыттап,
Чөгүп турам, ансыз бугум таркабас.

* * *

Окко учушту канча сансыз денелер,
Бир сөз айтсам, балким көбү жемелер.
Жадап бүтүп согуштардан түгөнгүс,
Эркек бала туубай коёр энелер.

АКСЫ РАЙО
БОРБОРДУК КИ
Инв. № 41 89

* * *

Жердин бети толуп барат арманга,
Талаш - тартыш көбөйдү бул жалганда.
Жетпей турат айла - амалы элдердин,
Бир Кудайдын өзүн бөлүп алганга.

* * *

Уясы болгон төбөмдүн,
Учуп кетти уюлу.
Карагер аттын жалындай,
Кайраттуу чачым суюлду.

* * *

Жүз миңдеп адамдар жашаган,
Чоң шаарды деңиз - деп ойлоймун.
Көөкөр таш өңдөнгөн ардагым,
Мен, сени  жоготуп койбойун.





* * *

Кадамыңды көп эле санабачы,
Карегимден карааның аябачы.
Карлыгачым кайрадан бир көрүнүп,
Каалаганча жүрөгүм жаралачы.

* * *

Качан көрөм сенин сүйкүм жүзүңдү,
Кабарың жок, кайра үмүт үзүлдү.
Сапар тарткан турналардай алыска,
Сагынычым сап-сап болуп тизилди.

* * *

Аз да болсо көңүлдү улап койчу,
Ара - торо алымды сурап койчу.
Саргайып санаа тарткан ырларымды,
Саамайдан сылагандай сылап койчу.

* * *

Жаман менен көрүшкөнчө беттешип,
Жакшы адамдан турган артык сестенип.
Сулуу менен өбүшкөнчө сүйбөгөн,
Сүйгөнүңдү койгон артык эскерип.

* * *

Нелер гана туш келбейт кара башка,
Таажы кийет, кээ бирде тийет ташка.
Камалып калганчакты аска - зоого,
Боюңду агымы зор суугa ташта.

* * *

Сен жөнүндө көп жаздым билгенимди,
Бой тумардай көөдөнгө илгенимди.
Кектебейм, кечиргенмин алда качан,
Жаралап жүрөгүмдү тилгениңди.





* * *

Кийин гана сыр түйүнү чечилди,
Айттың анан: Күнөө менде кечирчи..
Таза бойдон калсын - дедим бир сезим,
Сүйгөн жокмун көптөр өпкөн бетиңди.

* * *

Алгач сүйүү аруу белең ак таңдай,
Анын арты айтып бүткүс армандай.
Түн ичинде муңдуу сокчу жүрөгүм,
Түнөк кылып, Сүтак кирип алгандай.

* * *

Адамдардын асыл жери жүрөксүң,
Көрүнбөстөн көкүрөктө жүрөсүң.
Элдешпеген эки нерсе өзүңдө,
Жек көрөсүң, же болбосо сүйөсүң.

* * *

Сүйүш оңой күйүп-жанып жалындап,
Өтүш кыйын өмүр бою арулап.
Күндө ага тизе бүгүш керектир,
Күн чыкканча окулгандай багымдат.

* * *

Алыстасаң санаа тартып сагынамын.
Ар дайым сен тарапка агыламын.
Күндө көрсөм гүлдөйсүң жаңы ачылган,
Айда көрсөм Ай сымал жаңырасың.

* * *

Сен мага жолуктуң кайрадан,
Жаздагы кызгалдак гүл сымак.
Жүрөк ай, мынчалык туйладың,
Комузда чертилген кыл сымак.





* * *

Кылактаган бийчидей,
Кыткылыктап күлчүдөй.
Кызгалдак кырда кулпунат,
Кызга айланып кетчүдөй.

* * *

Улуу сөз угуп улуудан,
Умтулуп учтум туурдан.
Ай, Күндү мурда көрсөм да,
Ачылган көзүм сулуудан.

* * *

Кулпунат кырда кызгалдак,
Дирилдейт шакта жалбырак.
Жаңырат жазда баарысы,
Кайрылбайт жалгыз жаш курак.

* * *

Сүйбөгөн жүрөк жүрөкпү,
Сүйкайган сулуу чүрөкпү?
Айыкпас анын дартынан,
Ичсең да дары, мүрөктү.

* * *

Көңүл толкуйт жакшы менен жүздөшсөң,
Чериң тарайт чечен менен сүйлөшсөң.
Жамандардан жаа бою качкан оң,
Оозуңа талкан куюп үндөшпөй.

* * *

Сулууларга канча көздөр кадалат,
Сугалагы сугун артып жаланат.
Сулуулукту сактай билүү ыйык парз,
Сулуулугуң Жараткандан аманат.





* * *

Ал сүйгөн, аны сүйбөдүм.
Мен сүйгөн, мени сүйбөдү.
Кызгалдак кырда соолуду,
Көлөкө басты күңгөйдү.

* * *

Эч ким атын дүйнөдө укмак эмес,
Пушкинге ок атпаса эгер, Дантес.
Улуу акын сүйбөсө Наталяны,
Ал кургурдан элес да калмак эмес.

* * *

Оюп сайган шырдагындай жолу бар,
Ой, кыр ашып сапар кезет тоолуктар.
Желдей сызган ат жалында чайпалып,
Жерди айланып кетүүчүдөй оюу бар.

* * *

Баш кийимин ар улут,
Кийип жүрөт ардактап.
Кайсыл эл, кайда барбайын,
Визиткам менин Ак калпак.

* * *

Сөз келгенде айтайын айтарымды,
Ыраа көрбөйм душманга талпагыңды,
Ыйык бөркүң түшпөсүн өз башыңан,
Тартуу кылба ар кимге калпагыңды.

* * *

Көк тиреген кыргызымдын тоолору,
Мээрим төккөн ата, энемдей сезилет,
Мекенимдин кай жерине барбайын,
Тоолор тосуп, тоолор мага кезигет.





* * *

Ойлонбой ишти жасап жаңылабыз,
Тагдыр - деп өкүнөбүз, таарынабыз.
Баш оорубай жүргөндө эстен чыгып,
Баш катканда Кудайга жалынабыз.

* * *

Адам өзү түрлүү - түркүн тамактан,
Ачуусун да, татуусун да жараткан.
Кармап турган чеңгелинде дүйнөнү,
Чыңгыз-хан да корккон экен арактан.

* * *

Ташты талкан кылар тушта билегиң,
Так төбөңдө желбиресин желегиң.
Өтөр өмүр, ансыз деле баары өтөт,
Эрмин десең элге тийсин керегиң.

* * *

Омор Хаям ичкен жүзүм шарапты,
А мен ичтим шампан менен аракты,
Жаштык, мастык жаңылсам да кээ бирде,
Унутпадым ыйык кыбла тарапты.

* * *

Аалам чексиз, аалам түпсүз мейкиндик,
Анда сүзөт жылдыздардын кемеси.
Жети кабат асман жакты карасаң,
Жылдыз окшойт жер эненин элеси.

* * *

Эзелкиде эл жайлаган конуштар,
Азыр алар бул заманда коруктар.
Ээнсиреп жатса дагы канчалык,
Угулгансыйт андан сырдуу добуштар.





* * *

Айтылат акарат сөз каапыр - деген,
Айтылат алкаган сөз баатыр - деген.
Айтылат жиликтелип, жикке бөлө,
Бай, кедей, селсаяктар жакыр - деген.

* * *

Тууган жердин абасы, кашка суусу,
Түбөлүккө айланган азыгыма,
Ыйык Мекке сыяктуу сезилгенсийт,
Ат байлаган атамдын казыгы да.

* * *

Кубаттадым курбум куштай учканын,
Атаандашка бутту тосуп жыкпадым.
Ансыз деле чыныгы дос саналуу,
Кереги жок мага такыр душмандын.

* * *

Күндө тийген Күн нуру,
Акымды төлөп бер дебейт.
Түндө тийген Ай нуру,
Айлыгымды бер дебейт.

* * *

Балбаның баарын жыксам дейт,
Маарага тулпар чыксам дейт.
Канаты сынып калса да,
Асманга кыраан учсам дейт.

* * *

Агылган дайра тим турбайт,
Аскадан агып суу сынбайт.
Өрдөктүн болсун өрдөгү,
Эч качан аның куу туубайт.





* * *

Адамдарга табият
айкөлдөнөт, сен дебейт.
Жараткан жасап койгонго,
Пенделик акыл чендебейт.

* * *

Кудай берген тилди сактай албасак,
Жаратканды өзү бизди жазалар.
Башка элге сиңип кеткен улутуң,
Океанга чөккөн менен барабар.

* * *

Эл жараткан "Манас" өлбөс улуу сөз!
Ата , апа эң бир таттуу ууз сөз.
Жыргатамын, кыйратамын мен - деген,
Кулак, мээге жакпай турган куру сөз.

* * *

Көктө шаңшыйт калдайган кыраан бүркүт,
Караңгыда калдактайт жарганаттар.
Кайран Током кылымда бир төрөлөр,
Жаагын жанат күн сайын Арзыматтар.

* * *

Билими бар алмадай башы бирдей,
Желкесинен кырктырган чачы бирдей.
Теңдеп койгон укугун мыйзам менен,
Эркек менен тең ата катын бирдей.

* * *

Жаманы көп жакшыдан жан ачыткан,
Жаралганбы бул дүйнөң жамачыдан?
Кул доорунан топтолуп курал келет,
Кутулбадык согуштан, каракчыдан.





* * *

Жер бетинде улуу турмуш, тирилик.
Жердин өзү түбөлүктүү чимирик.
Жаратылыш жалпы үйүбүз эзелтен,
А, адамда болбой келет биримдик.

* * *

Арман чалса айтылат: Дүйнө жалган..
Жашоо – күрөш түгөнгүс, турмуш –
майдан.
Жараткандан берилет жалгыз өмүр,
Ар, бир күнүң билгенге улуу майрам.

* * *

Чалгычы чалгы чыңайт тыкылдатып,
Чапмака эртең чөптү чырылдатып.
Кырылат далай гүлдөр арасынан,
Кырларда өсүп турган кылыктанып.

* * *

Түк түшүнбөйт түркөйгө түшүндүрсөң,
Түкүрүнөт сөзүңдү бүтүрбөстөн.
Алсызды, алдуу жыккан балбан эмес,
Нак күнөө, күнөөсүзгө күпүлдөсөң.

* * *

Кыпындын да, кыпындай салмагы бар,
Кумурсканын ичинде балбаны бар.
Чокусу көктү тиреп турса дагы,
Тоолордун толуп жаткан арманы бар.

* * *

Кайрадан жаз келди жадырап,
Желге ойнойт жапжашыл жалбырак.
Көктөмгө көз тигет чал, кемпир,
Жаш бала сыяктуу жалдырап.





* * *

Дүнүйөнү дүңгүрөтүп ийчүдөй,
Дүрмөтөлүп атылабыз ашыга.
Мына жеңдим! –дегенинче, капырай,
Ажал келет жыла басып кашыңа.

* * *

Булуттар була сымал калкып келет,
Асманга ар кыл сүрөт тартып келет.
Көк ийип мээрим төгүп нөшөрлөсө,
Саргайып жаткан талаа балкып келет.

* * *

Жалгыз жанды багыш оңой кадырлап,
Кайырчылык кылсаң оокат табылат.
Дүнүйөгө келдиң, эмне иш бүтүрдүң?
Деген суроо коңгуроодой кагылат.

* * *

Орус заман ооматына чокундук,
Улуу Чыңгыз чыгармасын окудук.
Рысбайдын ырын ырдап эргидик,
Өтөр кылым өрмөгүндө токулдук.

* * *

Жорго минсе жолго сыйбас,
Тойгон кезде тообо кылбас,
Толуп барат тоо койнунда,
Иш кылгандар ойго сыйбас.

* * *

Ит кыялды итке сал,
Азоо ойду жүгөндө.
Акыл Айга жеткирет,
Жан дүйнөңдү түгөлдө.





* * *

Билбеген бар сөз баркын,
Сүйлөгөн бар сөз калпын.
Эне тилин жээриген,
Сатканы ошол өз калкын.

* * *

Жүрсө да жашап жерде бу,
Космосто анын ойлору.
Эң бай акын Рамис,
Жылдыздар анын койлору.

* * *

Эзелки ыры Кыргыздын,
"Оп майда" менен "Шырылдаң"
Толкунунан тоолордун,
Токулуп шырдак шырылган.

* * *

Аалам турат миң сырлуу,
Ченеми жок, чеги жок.
Жетимсирейт Жер-Эне,
Өзүнө окшош тели жок.

* * *

Короздонуп койкойбой,
Одоно сүйлөп оркойбой.
Бүтүргөн ишиң көрсөтчү,
Эч болбосо томпойдой.

* * *

Өмүр жолун бирге өтөп баскан ырым,
Өзүмдөй өңдөн кээде азган ырым.
Жер бетинен бир - бирден терип-тепчип,
Төрт мезгилге окшотуп жазган ырым.





* * *

Ырлар менин жан дүйнөмдүн кумары.
Ырлар менин жүрөгүмдүн тумары.
Үмүт менен чырпык сайып көгөрттүм,
Көңүл көксөп көк тиреген чынарды.

* * *

Хемунгуей айтыптыр:
Кош бол - деп курал жарагым.
Биз, досум качан айтабыз,
Кош бол - деп ачуу арагым.

* * *

Ак куудай айдың көлгө коно албайсың,
Ай сайын айдай болуп толо албайсың.
Жараткандан жаралдың көчүрмөсүз,
Ар кимдин айтканындай боло албайсың.

* * *

Ар нерсенин чеми бар, чеги бар,
Дайра, көлдү желелелеген жээги бар.
Жети атасын билбегенди кулсуң -дейт,
Улуу элдин уруусу бар, теги бар,

* * *

Акындардын арышы,
Алп турмуштун ичинде.
Акындардын жарышы,
Ак барактын бетинде.

* * *

Бүгүн жапжаш баласың,
Ишиме эртең жараарсың.
Тапыркап түшкөн бир кезде,
Такамды издеп табарсың.





* * *

Чаң соргуч төрдө кадырлуу,
Тазалайт койбой кыпынды.
Энеси жатат эшикте,
Эзелки эски шыпыргы.

* * *

Алмадай болгон башыңа,
Ааламдын баарын батырдың.
Эмчегин тилип эсирип,
Жер-Эне башын катырдың.

* * *

Турпактан жууруп жан салдың,
О, Теңирим – Жараткан.
Акыл берип айтыпсың:
Калганы пендем тараптан..

* * *

Байыганы байып барат джип минип,
Кембагалы кемип барат ит минип.
Каардуу, заардуу келе жатат замана,
Ажыдардай айланага тикчийип.

* * *

Улуу турмуш укмуштай көчүп жатат,
Көр тирилик алынча өтүп жатат.
Чабактар Аккуладан мойсолгондой,
Чабал эл тарыхынан өчүп жатат.

* * *

Аталар алымсынган чайлык пулга,
Биз болсо, алымсындык айлык пулга.
Удургуп укмуш заман кирип келди,
Урпактар айланбасын байлык-пулга.





* * *

Толгоосунан эненин,
Төрөлүп адам келесиң.
Кылбайсың топук дүйнөгө,
Келгенче оозго кереезиң.

* * *

Жаңырбай тоолор томсороор,
Койнунда анын жүрбөсөң.
Өз элиң, элден кем болор,
Эл үчүн эрлер күйбөсөң.

* * *

Жасалма эмес жаратылыш,
Ал болгону Жараткандан.
Баарын жасап алам деген,
Айтылган сөз адашкандан.

* * *

Өжөрлөнсөң максатыңа жетерсиң,
Өз алдыңча чыйыр салып кетерсиң.
Ак шумкарга айланбасаң чабыттап,
Анда өмүр бул дүйнөдө бекерсиң.

* * *

Жарыштамын, жарым жолдо токтобоймун,
Издебейм, житкен окту жоктобоймун.
Откөн чак өттү, кетти өкүнбөймүн,
Келер чакка мылтыктай октоломун.

* * *

Окшошуп кирген суудун ташкынына,
Опурулуп жүргөн көп жаштыгында,
Отузунда очорулуп калганы бар,
Оомат, кутун жем кылып пастыгына.





* * *

Алкынып тоодон суу агат,
Элирген тай, кунандай.
Айылдын жигит, кыздары,
Шаңшыган бүркүт, улардай.

* * *

Жоомартык кылыш үчүн,
Дүйнөңдү чачыш керек.
Айкөлдүк кылыш үчүн,
Жүрөктү ачыш керек.

* * *

Турмушта чөгөлөрсүң, багынбагын,
Тагдырыңа тан бергин, таарынбагын.
Аларсың алтын казык жылдызынды,
Жаркылдап жалган орден тагынбагын.

* * *

Канчалык баймын дебегин.
Көктөгү Аймын дебегин.
Бир тыйынсың турмушта,
Тийбесе элге керегиң.

* * *

Каруу качып карыган,
Мезгил келет арыган.
Алдыда сыноо ар күнү,
Аруулан адам аруулан.

* * *

Калемди канча учтаба,
Кагазды канча жыттаба.
Жакшы ырлар жазылбас,
Жан дүйнөң куштай учпаса.





* * *

Өзүң кыйын болбосоң,
Өзгө сага бак бербейт.
Өткүр, өжөр болбосоң,
Өзүнөн - өзү так келбейт.

* * *

Антташкан сырды айтмай жок,
Аттанган жактан кайтмай жок.
Чындык ачуу чычалап,
Кумду көзгө чачмай жок.

* * *

Адал менен арамдык,
Жакшы менен жамандык.
Эрегишет, элдешпейт,
Эң башкысы адамдык.

* * *

Түн менен күн алмашат,
Түбөлүк алар кармашат.
Турмуштун түмөн түйшүгү,
Түшпөстөн жонго жармашат.

* * *

Арыдым десең арыйсың,
Карыдым десең карыйсың.
Жүрөгүң кенен болбосо,
Кең дүйнөдө тарыйсың.

* * *

Чычайта берсең сөөмөйдү,
Койкойсо дайым бармагың.
Кадырың элде калбастыр,
Камгактай болуп салмагың.





* * *

Кубаныч менен үмүтүң,
Ээрчишип жүрөт күнү-түн.
Эртеси эле карасаң,
Эскире түшөт бүгүнкүң.

* * *

Комуздун күүсүн укпасам,
Кымызды бышып жутпасам,
Анда эле кыргыз эмесмин,
Ардактап тоого чыкпасам.

* * *

Айлаң кетип турганда,
Азоо аттай туйлайсың.
Арманың ичке толгондо,
Ааламга дагы сыйбайсың.

* * *

Балыр баскан бака көлдө,
Ит жебеген балык бар.
Бaрктaлбаган байкуш бутта,
Ийленбеген чарык бар.

* * *

Корксоң ишти баштаба,
Баштаган соң таштаба.
Жүрөктө жүргөн ойду кыл,
Жүзүңдү бурба башкага.

* * *

Жаздыкты эңсейт жалкоо баш,
Талааны эңсейт аңкоо баш.
Өмүрдүн сезбей кымбатын,
Өтүп кетер чалпоо баш.





* * *

Шыпырып шыпты турбаса,
Жөргөмүш желип желелейт.
Эринип жаткан жалкооду,
Эчки, улак келип тебелейт.

* * *

Анык көрсөң билем де,
Имиш сөзгө ишенбе.
Уккандын өзү ушакчы,
Тилиңди тишке кишенде.

* * *

Оозуңдан отту чачсаң да,
Ободон жылдыз атсаң да,
Он жолу ойлон айтарда,
Орошон ойду тапсаң да.

* * *

Мээнети бекер мергендин,
Мээлеген жерге тийбесе.
Көлөкө кайсы, сен кайсы,
Көзүнө эч ким илбесе.

* * *

Өзү үчүн ойлоп пайданы,
Өлөрман кылат айланы,
Кереги тийбейт элине,
Ташчалык дагы сайдагы.

* * *

Караан түн түшөр бүркүткө,
Канаты калса кайрылып.
Аскадан боюн таштайт ал,
Асмандан калса айрылып.





* * *

Киммин - деп, кимдигинди билип жүргүн,
Койкойтуп калпагыңды кийип жүргүн.
Асманга колуң жетип турса дагы,
Башыңды башкаларга ийип жүргүн.

* * *

Улуу эл - деп, улам-улам айтылса,
Кичи элге балким болор менсинүү.
Миллиарддаган адам болсо дүйнөдө,
Бир деген сан мага дагы энчилүү.

* * *

Жазбадым ырларымды эрмек үчүн,
Жазгамын бул дүйнөгө келген үчүн.
Жан дүйнөмдү калтырам ырларыма,
Жаңы кайра жаралып келмек үчүн.

* * *

Жалгыздыкта өтөт кээде күн деген,
Жалгыздыкта сырдашмаксың ким менен.
Жалгызмын мен, бирок жалгыз эмесмин,
Жан досум бар кыйышпаган ыр деген.

* * *

Орундугуң олтурган, мамык болсо,
Очорулуп, оорлошуп уйкуң келер.
Обологон ойлоруң анык болсо,
Оргуштаган дайраны буугуң келер.

* * *

Кыш мезгили, тосуп алдым аруу таңды,
Аяп турдум басалбай мамык карды.
Келберсийт ак шейшепчен кенен талаа,
Күтүп жаткан өңдөнүп кызгалдакты.





* * *

Акыл айтуу деги турбайт кыйынга,
Бир адамга же көпчүлүк жыйынга.
Ишиң бүтпөй ирип турса короодо,
Айткан акыл арзыбастыр тыйынга.

* * *

Жайлоолорум жаман жапа чектиңер,
Такырайып таз кейпине жеттиңер.
Токойлорду тоноп, кыркып бүлүнтүп,
Тентекбайлар ырыскыны тептиңер.

* * *

Оттор өчүп, тынчып шаңдуу добуштар,
Ээн калды жайлоодогу конуштар.
Кыш да келди, кындан суурул кылычын,
Кантээр экен селсаяктар, бомждар.

* * *

Арча, кайың, карагайды кырктыңбы,
Ошол жерде тоонун төшү жыртылды.
Сениби - деп тоолор эгер, кектесе,
Селге агызат сени кошуп, кыркынды.

* * *

Тоо текелер көзүңөрдү ачкыла,
Тектир эмес, аска-зоодон баскыла.
Адам атып тукум курут кылганча,
Айласын таап Айга чыга качкыла.

* * *

Арам иштер көбөйүп жер силкинет,
Акыр заман келеби, ай  ким билет.
Кандай күндө калат - деп, Жер Энебиз
Ай чырайын сумсайтып, Ай тигилет.





* * *

Бабабыз баатыр Аксылык,
Илдирткен ханга чокойун.
Азыркы баатыр балдары,
Кыйратып жатат токойун.

* * *

Айылдарым, Ак-дөбө, Кара-дөбө,
Андан ары Кош-дөбө, Кулук-дөбө.
Алты азамат атылып шейит болгон,
Бозбу тоонун этеги Куйут-дөбө.

* * *

Тозогуң улам жакындайт,
Токойду өртөп, кыйганда.
Тообо кыл, бейиш сатылбайт,
Тонналап алтын жыйсаң да.

* * *

Нээ болот, заман нээ болот?
Ойлойсуң далай мээ короп..
Жаманды бийлеп коногу,
Төрүңө жаттар ээ болот.

* * *

Карышкырлар качан болсо кабышат.
Чаар баштар чатакташып чабышат.
Эл ичинде болсо Бакай аталар,
Эрегишкен эки жоо тил табышат.

* * *

Айтсам сөздү макул дээрсиң, көнөөрсүң,
Же болбосо, мени ашатып сөгөөрсүң.
Эй ушакчы, кошоматчы кой сойгон,
Бир күн эле тынчып калсаң өлөөрсүң.





* * *

Бак алмадан, банан жемиш таттуубу?
Баба тилден башка тилдер барктуубу?
Бала өңдөнүп ээрчип сөзүн уккудай,
Батыш тарап ошончолук баштуубу.

* * *

Жоро-жолдош, досторду сактагыла,
Жаман сөздү аларга айтпагыла.
Кезелгенде мойнуңа албарс кылыч,
Башыңды бер, а бирок сатпагыла.

* * *

Илимдүү бар бой керип чиренбеген,
Билимсиз бар баардыгын билем деген.
Кыраан эмес баары эле бүркүттөрдүн,
Далайлары тепки жейт Ителгиден.

* * *

Кер муруту окшошуп кылычына,
Кынсыз кылыч окшошуп мурутуна.
Кырк жаш келет кебелбей ат жалында,
Айтар сөзүн бек катып ууртуна.

* * *

Бул дүйнөдө өлбөс болуп ким калат?
Эзелтеден элдик асыл дил калат.
Баары өчөт, бары өтөт дүйнөдөн,
Жараткандан жалгыз гана тил калат.

* * *

Өжөрлөнсөң өжөрлөн, кежирленбе,
Кекээр сүйлөп керилип, кесирленбе.
Ар кимибиз аз, көппү күнөөлүүбүз,
Адашканды жан болсун кечиргенге.





* * *

Өмүрүңдүн кантип өтүп кеткенин,
Акырында андап, баалап билээрсиң.
Пас болдуңбу же бийикте жүрдүңбү,
Эки тизме, бир жагына кирээрсиң.

* * *

Тагдырыңдан буйруганын алаарсың,
Оомат келсе жанар тоодой жанаарсың,
Мээнет менен чоң чокуга айлансаң,
Көктү тиреп ошол бойдон калаарсың.

* * *

Күч-кубатың ашып-ташып турганда,
Жетишээрсиң байлык, дүйнө жыйганга.
Көзүң тойбой көр дүйнөгө көмүлсөң,
Кайра кайтып келиш кыйын ыйманга.

* * *

Билем жүрөк чаалыкканча согоорун,
Билбейм бирок, тагдыр кандай болоорун.
Бул дүйнөнүн жалгандыгы чын болсо,
Анда жашоо – менин бүтпөс жомогум.

* * *

Жоону чаап келүүчүдөй элире,
Жорго минип жолго чыгам темине.
Кечиктимби, кечүү таппай турамын,
Ташкындаган чоң дайранын жээгинде.

* * *

Жээлигенче жер пенделик денебиз,
Жемибизди жер бетинен теребиз.
Калем саптай мокогончо жазылып,
Кайра учталып, кайра курчуп келебиз.





* * *

Жаратылыш жагынбайт да, багынбайт,
Жашап келет Жаратkандын жолунда.
Өчөгүшүп, өгөйлөсөк биз аны,
Өрттөнөт да, өлүп берет колуңа.

* * *

Акырында айлабыз курган кезде,
Кудуреттин өзүнө жалынабыз.
Адам уулу маймылдан тараган - деп,
Дарвин аваң баш болуп жаңылганбыз.

* * *

Суурулбастан кылыч жатса кынында,
Зыяны жок дыңылдаган чымынга.
Акмакчылык жеңген кезде акылды,
Кылыч даяр өмүрлөрдү кыйууга.

* * *

Бир өмүрүң, бир бүркүм арман дүйнө,
Бүт баардыгы бир күндө калган дүйнө.
Алмустактан айтылат акыйкат сөз,
Бул дүйнө, деги өзү жалган дүйнө.

* * *

Бул турмушта тагдыр кыйла шоктонтот,
Бечерага тузду дагы жоктотот.
Аша чапкан, алымсынбас пенденин
ач көздүгүн, ажал гана токтотот.

* * *

Жылуусу жок жымыңдаган жылдыздан,
Очоктогу табы өчө элек чок жакшы.
Үйдө олтуруп үңүрөйгөн аялдан,
Үңкүрдөгү түндө күйгөн от жакшы.





* * *

Акын болоор турмушта миңдин бири,
Бир кылымда төрөлөөр сөздүн пири.
Улуулугун даң салып бүт дүйнөгө,
Улуу Манас жаратты кыргыз тили.

* * *

Жазгандарым болбосо да шедевр,
Жок дегенде жамаачыга керектир.
Кыргыз сөзү кылымдардан келатса,
Эне тилдин эне сүтү элеттир.

* * *

Акынды сыйла асыл жар,
Бир-бириң колдо акындар.
Чыгарма эмес чындыкты,
Жазууга гана акың бар.

* * *

Эрте учуп эрдемсинген,
Эми жүрөт жөтөлүп.
Көпчүлүктүн катарында,
Келем бир жүк көтөрүп.

* * *

Оокат деп бармактайдан камынабыз,
Анын биз сыйкырына табынабыз.
Тойгондо тообо айтып, топук кылбай,
Көр дүйнө аз көрүнүп чамынабыз.

* * *

Ооруса да акындардын чын жаны,
Оорубастыр акындардын ыр жаны.
Онтогону ошол замат токтолор,
Ооз учуна келген кезде ыр сабы.





* * *

Ооруу кыстап, убакыт күтпөй калган.
Өмүр кыска, томдору бүтпөй калган.
Өттү, кетти өтмүштөн нечен акын,
Айтып бүткүс тагдыры, аттиң, арман.

* * *

Балдарга эң башкысы ата сыймык,
Дүйнөдө баардыгынан эне ыйык.
Туу тутуп ата атын барктай билсек,
Эненин эмчек сүтүн актай билсек.

* * *

Алптар гана, алптарга сөз айта алат,
Алптар гана, алптар жолун кайталайт,
Дайра болуп, көл, деңизге айланып,
Талантынын ташкынында чайпалат.

* * *

Кулдай кызмат кылат экен генийлер,
Кудай берген куттуу жаркын талант да,
Элдин жүзү ошолордун өңүндө,
Кыргыз жүзү манасчыда, Манаста.

* * *

Атам койгон Акмат деген атым бар,
Алла берген акын деген затым бар.
Экөөсүнөн өтөр сыймык, сыйлык жок,
Көздөн учат көксөттүргөн закымдар.

* * *

Аалам дүйнө, адам дүйнө, аркы дүйнө,
Андан кийин келбейсиң кайтып үйгө.
Жараткандан берилет жалгыз өмүр,
Жашоо керек аруулап ар бир күндө.





* * *

Баатыр өтсө башты жерге салгыла,
Бакыргыла, чындап ыйлап алгыла.
Тутулганы болот экен бир кезде,
Асмандагы Күндүн жана Айдын да.

* * *

Суунун өзү Кудайдан,
Суу атасы Сулайман.
Өзгөгө кетип өзөнү,
Өз элимде суу арман.

* * *

Кайдасың чындык, кайдасың?
А балким көктө, Айдасың.
Алмустактан келатат,
Адамдар таппай айласын.

* * *

Суу тамыры мөңгүлөрдө, булакта,
Тып-тып тамган тамчылардан куралат.
Эл тамыры эзелкиде узакта,
Улуу көчтүн тарыхынан уланат.

* * *

Тарых жолу чегилип, ташта калган,
Санжырада айтылып башта калган.
Сары ооруудай саргайып барактарда,
Чын-төгүнү аралаш жазма калган.

* * *

Жайлоо деген жаныңдагы парк эмес,
Жетиш үчүн ашыш керек кырк белес.
Жайлоо толуп турган кезде бейиштей,
Жаналгычың келсе дагы кыңк дебес.





* * *

Калжаңдаса карыдан кадыр кетет,
Алжаңдаса аялдан абийир кетет.
Алдырганда ачууга акылыңды,
Сары алтындай сакталган сабыр кетет.

* * *

Ала-тоонун алп карааны көрүнөт,
Көк ирмден сүзүп чыккан кемедей.
Ак чокулар сөөмөй сымал кезелет,
Аңык чындык аалам жакта дегендей.

* * *

Түркүн, түмөн ажал чачкан курал бар,
Ага каршы кандай айла, курал бар?...
Алла-Таалам аалам жактан түшүрүп,
Адамдарга берген ыйык Куран бар.

* * *

Акылмандын жеткен чеги кем сөздүк,
Адамдыктын бүткөн жери ач көздүк.
Акырында ханың, кулуң теңелип,
Акыретте аппак кулач бир бөздүк.

* * *

Аламын деп алтын, күмүш, каухарды,
Кен казышат келемишке айланып.
Алымсынбас ач көздөрү алкынат,
Калмайынча көр түбүнө жайланып.

* * *

Тагдырыңа куйүнбө да, таарынба,
Анын баары маңдайдагы жазууда.
Өкүндүрүп, өрт чалса да өзөктү,
Жараткандан башкасына жалынба.





* * *

Көрө албасак келечекти, алысты,
Эл-жерим - деп, сактабасак намысты.
Бөтөн жакта баатыр атал, бий болгун,
Түккө турбай калат анын баарысы.

* * *

Толгонуп карайм күндүн баткан жагын,
Тосомун тоолорумдун аткан таңын.
Аскалар алкап бизди тургансышат,
Асманга жайып алып алаканын.

* * *

Жерде жатты козголбостон когошун,
Адам өзү мылтык ойлоп тапканча,
Андан кийин бар балакет башталды,
Алгач ирет асман жакка атканда.

* * *

Бубак басып келе жатат чачымды,
Чаалыкканча чабам күлүк атымды.
Убакыт куш, түшпөсөң кой торума,
Ырларыма бердим күлгүн жашымды.

* * *

Тыным албай тытынабыз адамдар,
Түгөнбөгөн түйшүк басып күн-түнү.
Элиребиз эртеңкиге оолугуп,
Бүтпөй жатып кылган ишти бүгүнкү.

* * *

Келет адам кереметтүү жер дүйнөгө,
Кетет анан, кезек менен кең дүйнөгө.
Бай, кедей, бийик, пассың бул дүйнөдө,
Теңирим тескеп коёт тең дүйнөдө.





* * *

Акындардын кабыргасы кайышып,
Ата-журт деп жүрөктөрү сайышып,
Чыр дүйнөдө ырын жазып жатканда,
Карынбайлар дайым келет байышып

* * *

Ойлор чексиз, ойдун түбү оюлбас,
Оргуштаган булак өндүү соолубас.
Орошон ой айтса эгерде, акылман,
Адамзатка ал кагылган добулбас.

* * *

Акылмандан асыл ойлуу кеп чыгат,
Айткандарын эли тыңдап эп кылат.
Ата-Мекен атуулдарын бел тутуп,
Эр азамат көк жалдарын чеп кылат.

* * *

Көсөмдөрүң көрө билип так айткан:
Улуу иштер жаралат деп таланттан.
Опончолук иш жасалат болгону,
Кимди канча дүрмөттөсө Жараткан.

* * *

Жашоо үчүн келет экен баарысы,
Адам, айбан жана башка макулук.
Бул дүйнөгө келүү, чыны, керемет,
Ал адам - деп, айтылгандын өзү улук.

* * *

Бараткан жол баш-аягы көрүнбөй,
Башаламан, чачылмай да,төгүлмөй..
Бир бүтүнгө айлана көр кыргызым,
Түндүк, түштүк - деп экиге бөлүнбөй.





* * *

Токсон жерден тосулуп чек аралар,
Тозок жолдо бей күнөө бечаралар.
Согушканын хандарың токтотподу,
Сөгүшкөнүң сөгүшкөн, эй адамдар!

* * *

Байлык болсо бардар жашоо башталат,
Жокчулукта баардык балээ баш багат.
Турмуш жүзү эки бети медалдын,
Шапар тебүү, же түйүлгөн каш кабак.

* * *

Тирелишмей кээде келип сен, менге,
Күрөш бүтпөйт тууну сайып жеңгенче.
Колдон келген ишти жасап өтөмөй,
Көктөн шумкар келип сени эңгенче.

* * *

Абасын тоонун искедим,
Тазасын суунун ичкемин.
Ат жалында келатып,
Өзүмдү келди издегим.

* * *

Жаштык кезде шашылдык,
Жазгы суудай ташылдык.
Ансыз да кыска өмүрдү,
Ашуу белден ашырдык.

* * *

Токусам ырды толгонуп,
Торумду жайып кымындап.
Кагазга салып чыйырын,
Калем сап сырдуу шыбырайт.





* * *

Чаңкоо баскан жерлерге арык болуп,
Туман баскан жерлерге жарык болуп.
Сага, мага агылып келет ырлар,
Адамдардын дилине азык болуп.

* * *

Жан жыргалым жакшы ырым.
Жаманмын да, жакшымын.
Каухарын сөздүн издеген,
Календермин, бакшымын.

* * *

Күйүгүп келип суу ичсе,
Тулпарың таят табынан.
Жаңылып ташка чабылса,
Кылычың сынат сабынан.

* * *

Карышкырдан коркот экен адамдар,
Карышкыр да коркчу бөөн, чаян бар.
Жакшысыңбы, жамансыңбы баары бир,
Ушакчынын уулуу тили чагымдаар.

* * *

Ичи тардык, көрөалбастык,
Адамдагы жеткен пастык.
Таланттарга таш ыргытуу,
Адамзатка кылган кастык.

* * *

Жер бетинде кыйма-чийме сансыз жол,
Туш тарабың туман баскан калпыс жол.
Турмушунда туура жолду таппасаң,
Бет алдында барса келбес кайткыс жол.





* * *

Ала-Тоо кийип тургансыйт,
Ак калпак жана элечек,
Анан да суроо салгансыйт:
Не болот эртең келечек?

* * *

Япон айтат:
Гүл жоктур дүйнөдө сакурадай,
Жигит жоктур дүйнөдө самурайдай.
Кыргыз айтат:
Баатыр жоктур кыргыздын баласындай.
Айкөл жоктур ааламда Манасымдай.

* * *

Уккан элем атаң арстан экенин,
Коргоп өткөн элин, жерин, мекенин.
Ата уулу боло албапсың өкүнүч,
Кербезденген куру сөздүү чеченим.

* * *

Таң атат да, кеч кирет,
Жаңынын баары эскирет.
Байкабай кээде балдары,
Ата-эне баркын кеч билет.

* * *

Кол куушурган кошоматчы абдан көп,
Сен алардын кыйынысың, зорусуң.
Колуң дайым иште эмес, төшүңдө,
Ошол сенин айыкпаган оорууң.

* * *

Бийлигиң бар тоодой эмес топудай,
Аталгансың эл-журтуңа – кокуй ай!
Өз оюң жок, өзгөлөрдү тууратан,
Сен экенсиң «отличник попугай».





* * *

Тулпар минип туу көтөрүп бабалар,
Түптөп келди Ала-Тоодой мекенди.
Кесирленген кертип сатып өз жерин,
Кемпайлары самап турат бекерди.

* * *

Сан достон калды саналуу,
Колдогу манжа чамалуу.
Көйгөйлүү турмуш айынан,
Көп жандар болду жаралуу.

* * *

Болсоң болгун ирик бай,
Аталбастан чирик бай.
Бергенге Кудай берем дейт,
Ошону жүргүн билип бай.

* * *

Анча эле китеп окудум,
Аалым болуп кетпедим.
Бүтө албай келем бүлүнүп,
Турмуштун түмөн мектебин.

* * *

Түңүлүп чыкты түтүнүм,
Күйгөндөн айтам күкүгүм.
Калдайган кара жерим ай,
Калдыбы деги бүтүнүң?.

* * *

Эзелтен эле айткандай,
Эптегендер эки ашайт.
Азыркы ушул заманда,
Желмогуздар жети ашайт.





* * *

Мекенимдин мээрим, куту – Элет жер,
Ар намысы - Элим! - деген жигиттер.
Көчө бойлоп көктү тиреп турушкан,
Айылымдын көркү мырза теректер.

* * *

Ай чапчыйт тулпар тушунда,
Желбиреп желге куйрук, жал.
Арманын айтат шамалга,
Адырда өскөн жалгыз тал.

* * *

Жолборско келсе карылык,
Жорто албай калат бир күнү.
Жем болорун туюушуп,
Чөөлөр аңдыйт күн-түнү.

* * *

Кылкылдап аккан дайраны,
Кумдуу чөл жутуп жок болот.
Кылымдап турган жылдызың,
Жылт этип учуп жок болот.

* * *

Жердин бетин таптай басып таманга,
Адам колу серпилүүдө ааламга.
Жерге окшогон жетимиш жер тапса да,
Жер энедей боло албастыр адамга.

* * *

Ырысбайга окшош десе ишенем,
Ырысбайдай ырдайт десе ишенбейм.
Элде калды түбөлүккө ыр жаны,
Эми келбес кайранындын сыр жаны.





* * *

Эл үчүн - деп эптеп ишин бүтүргөн,
Жер үчүн - деп жемин терип жүгүргөн.
Эки жүздүү эпчилдериң эсепсиз,
Эл - жерине алда качан түкүргөн.

* * *

Миллионго бир деген сан, бир тамчы,
Миллион эмес алып койсоң бир санды.
Бул дүйнөнүн башталышы, аягы,
Таамп, тамбай калган сырдуу бир тамчы.

* * *

Адамзат конгон менен Айга барып,
Адамдар баратабыз майдаланып.
Миңбайлар, миллионерлер көктө жүрөт,
Букара, кайырчылар сайда калып.

* * *

Кыргыз ата, Хан Манас урпагымын,
Туягымын Ак кула тулпарынын.
Омор Хаям айткандай кезегинде,
Жараткандын жасаган куурчагымын.

* * *

Эңсебейт кимдер гана атак-даңкты,
Айрыкча, алда кургур, хандык такты.
Тарыхтын таразасы тактайт кийин,
Кимисин балее басты, бакыт тапты.

* * *

Кыйырында кылымдын карт тарыхтын
элеси.
Кара жердин алдында бабалардын
денеси.
Кыргызмын! - деп заманга жар салгын
дейт уктабай,
Каныңдагы Эр Манас атабыздын
керээзи.





* * *

Билинбестен чындыгы же төгүнү,
Азгырыктар арбайт кээде көңүлдү.
Алтын, күмүш арзыбаган шаан-шөкөт,
Улам уурдап келет кайран өмүрдү.

* * *

Улам бирден сыдырылган теспедей,
Өтөт күндөр эрте дебей, кеч дебей.
Өрмөгүндө учур чактын токулуп,
Өтөр чактын өрүшүнө беттемей.

* * *

Кең дүйнөдө адам таарып курушат,
Сен, мен - дешип жакалашып урушат.
Пендесинен айрылганда аттиң - деп,
Жаназада катар сапта турушат.

* * *

Чөйчөктөрдө турган кезде шараптар,
Мөлтүрөшүп сырдуу гана мелтирейт,
Алкым деген ашуудан саал ашканда,
Түгөнгүрдүн жинди күүсү чертилет.

* * *

Алмустактан нечен кылым өтүүдө,
Адамзатың карт тарыхтын көчүндө.
Алп манасчы айтып жатса Манасты,
Асман, жерге салынгансыйт көпүрө.

* * *

Жылкычы, уйчу,койчу баары көчтү,
Жайлоодогу очоктон оттор өчтү.
Ээнсиреп калды конуш, калды тоолор,
Томсоро карап жалгыз  Улуу Көктү.





* * *

Багбан сайган чырпыгы чынар болду,
Бутагына түркүн куш, булбул конду...
Кары багбан карап тур чынар учун,
Акырында ары жакка кетер жолду.

* * *

Тоо койнуна жетип кыял жебелер,
Көрдүм ана, саамал жыттуу желелер.
Алалбастан турам карап акмалап,
Көздөн учуп курут жайган серелер.

* * *

Жер бетине чачып кайра жашчылык,
Жаратылыш жазда жашыл кийинет.
Күз торсойот тойгон сары күчүктөй,
Бышыкчылык, жердин  бели ийилет.

* * *

Келер кылым кейиштүү көзгө элестеп,
Темир аттар келет такыр жерди тепсеп.
Тоо койнунан чымчыктын үнүн укпай,
Урпактарым келатат мени жектеп.

* * *

Жолу – жомок, ашуу бели – санжыра,
Тоолор койну сырдуу белем илгери.
Аңтарылып тоонун жүрөк, өпкөсү,
Жер түбүнөн чыкты шайтан, жиндери.

* * *

Тынчыбайбыз адамдар тынчыбайбыз,
Бирибизге - бирибиз тыңсынабыз.
Пендечилик кылабыз пейил тарып,
Өйдөлөгөн жандарды чымчылайбыз.





* * *

Нээ деген бир генийлериң өтпөдү,
Жанып турган Ай, жылдыздай көктөгү.
Тирүү кезде баркталбастан таланты,
Көзү өткөндө мактоо алат көптөрү.

* * *

Бийиктикти билсек улуу тоолордон,
Тазалыкты көрсөк мөлтүр булактан.
Ак пейилди алсак ачык асмандан,
Арылмакбыз жаман сөздөн, ушактан.

* * *

Тулпар минсең куштай сызып бараткан,
Кымкап кийсең алтын, күмүш жалаткан.
Телегейиң тегиз болсо канчалык,
Анын баарын берди дегин Жараткан.

* * *

Күйүп калса айыкканча ачышат,
Тикен сайса ооруп кайра басылат.
Тилден чыккан ууктурган ушак сөз,
Көкүрөккө көө менен жазылат.

* * *

Ар бир үйдө ар дайым түтүн булап,
Урпактары улансын тукум улап.
Жашоо өзү Кудайдын керемети,
Пендеге тартууланган улуу сынак.

* * *

Байыркы бабалардын тамчысымын,
Атамдын аруу тилек камчысымын.
Жарайсың, жаза бергин - деп алкаган,
Теңирдин ыр канаттуу жарчысымын.





* * *

Тарыхыбыз кеткен узак терендеп,
Тактай албай биз келебиз элендеп.
А бирок, да баскан жолун бабалар,
Ташка жазып кетишиптир белендеп.

* * *

Согушту баштагандар согуш жандар,
Кетишет шейит болуп согушкандар.
Баатыр наамын алышат такта олтуруп,
Бей - бечера кандарын сорушкандар.

* * *

Табышмак, чеги жок ааламсың,
Теңирден теңдешсиз жаралдың.
Тырнактай жер бетин калтырбай,
Тытышып жатышат адамың.

* * *

Мекенимдин жөлөгү да тоолорум,
Мекенимдин жүрөгү да тоолорум.
Айкөл Манас бабамдайсың Ала-Тоо,
Кырк чородой кырка тоолор, коргонум.

* * *

Адамзат согушасың тынымың жок,
Кызыл кансыз өтпөгөн кылымың жок.
Теңириңди таанабай тетирлендиң,
Ошон үчүн акыйкат, чындыгың жок.

* * *

Жөө жалаңдап же улоочон бараткан,
Күнү-түнү шашкан адам карасаң.
Чети оюлбас чимирилген дүйнөдөн,
Деги канча, калды дагы аласаң?.





* * *

Талкаланып ыймандыктын чектери,
Тентекбайлар жолго түштү тескери.
Батыш жактын басып кирип балекет,
Бабалардын каада-салты тепселди.

* * *

Тарпы чыккан сөздөрдү жаттап алган,
Таранчаны куш кылып таптап алган.
Саясатчы көбөйдү эки жүздүү,
Маскарапоз чүмбөтүн каптап алган.

* * *

Жеп, ичип анткорлонуп семиребиз,
Бейишти курган өңдүү керилебиз.
Жетишет, тойдум деген бирөө барбы?
Не мынча жетчү жерге элиребиз?

* * *

Байлык деген алтын, күмүш жалтылдаган,
Бийлик деген бийик так калтылдаган.
Биринен - бири өткөн чоң азгырык,
Бир күнү алкымыңдан алкымдаган.

* * *

Мезгилдин ушунча тез агылганы,
Келатат кайыштырып кабырганды.
Каблан кез карылыктын капканында,
Камчыдай үйрүсөң да чагылганды.

* * *

Көк шиберди эңсеймин чарчаганда,
Мөл булакты эңсеймин чаңкаганда.
Ата, энеси болсун дейм ар баланын,
Балли балам! - деп айтып алкаганга.





* * *

Заман өтүп жондон тилген кайышты,
Тең жарышып ашып-ташып байышты.
Кээ бир өлкө бейиш куруп алса да,
Бардык жерде колун созот кайырчы.

* * *

Жаштык кезде жанар тоодой жалында,
Эңшерилип элүүндө карыба.
Келген болсоң кереметтүү жашоого,
Кесирленип кең дүйнөдө тарыба.

* * *

Нелер гана түндө кирбейт түшүңө:
Гүлдөр жайнап же жар кулап түшүүдө..
Ойгонгон соң олтурасың түш жоруп,
Он толгонуп, келе албай бир бүтүмгө.

* * *

Жакшы иштер колубуздан келген болсо,
Жашоодогу адамдык парзым - дейли.
Атак-даңкың таш жарып турса дагы,
Ата-журттун алдында карзмын - дейли.

* * *

Ач курсагың алымсынбайт, көз тойбосо.
Жан дүнүйөң жай албайт, сөз болбосо.
Жамандыкта жанчылып турган кезде,
Жат жалгабайт жатындаш өз болбосо.

* * *

Беш уулум, белестеги беш байрагым,
Билсеңер мен силерге көл, дайрамын,
Эл - жерге, ата – энеге, Ата – Журтка,
Аскар тоо, бел болгула көк жалдарым.





* * *

Топурактан, Ай, Күндүн нурунанмын,
Ала-Тоонун койнунда жуурулганмын.
Аз дебей да, көп дебей топук кылып,
Алып келем жашоодон буйруганын.

* * *

Кана, кайда? Бул жашоонун маңызы,
Келет, кетет бу дүйнөдөн баарысы.
Алтын туурга ана-мына коном деп,
Тулпар кездер тушалынды, арыды.

* * *

Ой тунугу генийде, акылманда,
Ой күлүгү орошон акындарда.
Акын жүрөк алдынан сезип туяр,
Кыяматың бир күнү жакындаарда.

* * *

Бир бүтүнгө келиш кыйын бүлүнбөй,
Сезе албайсың чын достукту күтүнбөй.
Күнөлүүдөй сезе бергин өзүңдү,
Койсоң эгер бүтөөр ишти бүтүрбөй.

* * *

Канатым бол ырларым жарыштарда,
Каруу билек, күчүм бол чабыштарда.
Мөл булак бол ырларым, мөл булак бол,
Жараланып жан дүйнөм жабыкканда.

* * *

Көк тарапка колун созот тоолорум,
Чар тарапка чабыт алат ойлорум.
Кулагымда бул дүйнөнүн дүбүртү,
Төрт саптарым – төрт туягы жоргонун.



Боробаев Акматбек

ЖОРГО САПТАР

Редактору *Нурлан Калыбеков*
Корректору *Майрам Жаманакова*
Компьютердик калыпка салган *Эрнист Талканов*

Басууга 01.08.2013 кол коюлду.
Офсет кагазы. Көлөмү 3,25 накта басма табак.
Нускасы 1000 даана.
«Газета.KG» басмасында басылды.



Көк тарапка колун созот тоолорум,
Чар тарапка чабыт алат ойлорум.
Кулагымда бул дүйнөнүн дүбүртү,
Төрт саптарым - төрт туягы жоргонун.